**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР**
**АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 07.16.528**

Кол жазма укугунда УДК:
947.1(575.2) (043.3)

**Арапова Мыскал Маматкасымовна**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШУНУН ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ (1991-2015-жж)

**07.00.02. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын**
**изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы» кафедрасында даярдалды

**Илимий жетекчиси:** тарых илимдеринин кандидаты, профессор
**Кадыров Турдумамат Дыйканбаевич**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Абытов Байболот Капарович**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Бексултанова Чынара**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал Абад мамлекеттик университети

Диссертация 2018-жылдын ………………саат 14.00дө 720026 Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а дареги боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас инситутунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.07.16.528. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51а.

Автореферат *2018-жылдын* ……………………………….. жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор** **Курбанова Н.У.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Мезгил өтөт, доорлор алмашат, коом өзгөрөт, бирок адамзаттын аң-сезиминде, акыл эсинде, тарых барактарында ошол жараяндардан олуттуу окуялары эле калат. Айрыкча ар бир мамлекеттин тигил же бул доорунун көп тармактуу коомдук, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий турмушунда өзгөчө из калтырган, чоң өзгөрүүлөргө өбөлгө түзгөн, тарыхый бурулуш жасап, коомдук, саясий турмуштун трансформацияланышына шарт түзгөн окуялар тарыхта ташка тамга баскандай из калтыраары талашсыз көрүнүш.

Эгемендүүлүктүн жана көз карандысыздыктын шартында өткөөл мезгилдеги коомдук, саясий турмуштун тараптарына ылайык бир катар орчундуу жана олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Көптөгөн мамлекеттик коодук саясий, социалдык-экономикалык маселелерди чечүү боюнча эч кандай тажрыйбабыз болгон эмес, бирок мамлекеттин кызыкчылыгы жана келечеги ал маселелерди тез чечүүгө мажбур кылды. Натыйжада кыргыз элинин, өлкө жетекчилигинин алдында ыкчам чечүүнү талап кылган көптөгөн татаал маселелер турду жана алар ошол мезгилдин тарыхый, саясий шартына, кырдаалына жараша, мезгил талабына ылайык чечилгени да талашсыз факт. Эгемендүү Кыргызстанда кыска мөөнөттө деидеологиялаштыруу, департизациялоо, десоветизациялоо, децентрализациялоо, деиндустриализациялоо процесси башталган.

Кыргызстандын көз карандысыздык доору өлкөбүздүн жалпы бейнесин өзгөртүп, ал окуялардын натыйжасында мамлекетибиздин абалы, орду жана ролу өзгөргөндүгү талашсыз факт. Демек тарых илиминин милдеттеринин бири, бул маселени илимий жактан изилдөөгө алып, ар тараптуу баа берүү менен өлкөдөгү коомдук-саясий турмуштун трансформацияланууу тарыхын терең изилдеп, алардын натыйжалары боюнча тийиштүү жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

Теманын актуалдуулугун арттырып турган дагы бир жагдай диссертацияда XX кылымдын акыркы чейреги жана 2015-жылга чейинки мезгилдеги Кыргызстандагы коомдук-саясий турмуштун трансформациялануу тарыхы, анын олуттуу окуялары, өнүгүү этаптары жана тарыхый шарттары, трансформациялануу жараяны, анын коомдук өнүгүүгө тийгизген таасири болуп эсептелет.

Диссертацияда көрсөтүлгөн кездеги коомдук-саясий турмуштун трансформациялануусунун натыйжасында Кыргыз Республикасы кайрадан тарыхый, саясий аренага чыгып, мамлекетибиз болуп көрбөгөндөй өзгөрүүлөргө дуушар болуп, эл аралык аренада өз алдынча өлкө катары тааанылдык. Биз дал ошол тарыхый, саясий окуялар менен алек болуп, аларды турмушка ашырууга аракет кылуу менен мамлекеттин тарыхынын эң олуттуу жагдайы – коомдук-саясий турмушунун трансформациялануусун көмүскөдө калтырып, аны кийинки орун дарга сүрүп, анча маани бербей жүрүп, улутубуздун, мамлекетибиздин кескин өзгөрүүсүнө шарт, өбөлгө түзгөн трансформациялануу жараянын эстен чыгарганыбыз баамдалды.

Демек, биз кыргыз мамлекетинде XX кылымдын акырында XXI кылымдын башында болгон, коомдук-саясий турмуштун трансформациялануусуна шарт

түзгөн, анын натыйжасында бир топ динамикалуу өзгөрүүлөр болгон тарыхый окуяларды иликтөөгө бел байладык. Анткенибиз тандалган тема актуалдуу, жүйөлүү жана ар тараптан иликтенүүгө муктаж.

Эгемендүү Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун трансформацияланиуусу, анын орду жана ролу бүгүнкү жаштарды жана келечек муундарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ кендиги талашсыз. Ошондуктан диссертатциялык иште эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма беш жылында болгон Кыргызстандын тарыхый коомдук, саясий өнүгүүсүнүн трансформацияланиуусун, ага байланыштуу өлкөбүздөгү олуттуу жаан урунтуктуу окуяларды иликтөөгө, алардын тарыхтагы ордун жана ролун аныктоо масалелерин иликтөөгө аракет жасалды.

**Изилдөөнүн обьектиси:** көз карандысыз Кыргызстандын коомдук, саясий өнүгүүсүнүн трансформациялануу тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети:** Эгемендүүлүк жылдардагы Кыргызстандагы коомдук, саясий өнүгүү процесстери, өлкөнүн социалдык-экономикалык абалы, коомдун трансформациялануу тарыхы.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Аталган диссертация жеке демилге менен ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн хронологиясы** 1991-жылдан 2015-жылга чейинки мезгилди камтыйт.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Негизинен тарыхый, хронологиялык, логикалык: салыштырмалуу, универсалдуу талдоо ыкмалары, тарыхый обьективдүүлүк принциптери пайдаланылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Изилдөөнүн максаты эгемендик жылдарындагы Кыргызстандын трансформациялануу процессин, анын өзгөчөлүктөрүн изилдөө болуп саналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:

- өлкөнүн эгемендүүлүк жылдарындагы коомдук-саясий, экономикалык, социалдык тарыхый окуяларды изилдеп, баа берүү;
- жаңы, кайра жаралган көз карандысыз кыргыз улуттук мамлекетинин түптөлүшүнө өзгөчө салым кошуп, багыт берген, өз тарыхый, саясий, укутук ролун толук аткарган, эгемендүү Кыргызстандын Конституциясын кабыл алууга чейин саясий, тарыхый, укуктук негизги документ болгон Кыргызстандын Эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларация (1990-ж.) жана Көз каранды эместик тууралуу Декларациянын (1991-ж.) маани-маңызы, кыргыз мамлекетинин жаңыдан түптөлүүсүндөгү ордун жана ролун кеңири иликтеп, тарыхый баа берүү;
- Кыргызстандын эгемендүүлүккө жетишүү жараянын, алгачкы демократиялык тариздеги максаттардын ишке ашышын, коомдук, мамлекеттик турмушта жаңы саясий институттардын пайда болушун жана алардын өнүгүүсүн ар тараптан изилдөө;
- эгемендүү Кыргызстандын коомдук, саясий турмушунун өнүгүүсүн жана алардын натыйжаларын иликтөө;

- Кыргыз Республикасынын Конституциялык өнүгүүсүнө, жаңы Конституциянын кабыл алынышына жана конституциялык реформалардын тарыхый баскан жолуна баам салып, тарыхый иликтөө жүргүзүү;
- Көз карандысыз Кыргызстанда биринчи жолу Президенттик институттун киргизилишине, алгачкы, андан кийинки Президенттердин шайлоолоруна тарыхый сересеп салуу;
- XX кылымдын башындагы коомдук, саясий турмушту терең өзгөртүүгө алып келген элдик революциялар, алардын негизги факторлорун, социалдык, саясий себептерин иликтөө;
- 2005-жылдагы Март элдик революциясы, анын келип чыгуу себептери, жүрүшү, тарыхый хроникасын, натыйжаларын ар тараптан изилдөө;
- Март революциясы республиканын коомдук саясий турмушун трансформациялоонун алгачкы негизги, баштапкы кадамы катары карап, анализдөө;
- 2010-жылдагы Апрель революциясы, анын негизги шарттары, революцияга түрткү болгон факторлор, анын саясий, тарыхый маанисин, андан кийинки коомдук, саясий жана тарыхый өзгөрүүлөрдү тарыхый таризде иликтеп чыгуу;
- 2005-2010-жылдардагы эки Президенттин авторитардык режимин, үй-бүлөлүк бийлигин жойгон, эки элдик революциянын ишке ашышы тарыхый да, саясий да жактан мыйзам ченемдүү көрүнүш болгонун далилдөө;
- элдик революциялардын тарыхый, саясий маани-маңызын, алардын иш жүзүндөгү натыйжаларын, алардын максаттарынын толук ишке ашкандыгын же ашпай калган жагдайларын терең иликтөө;
- 2010-жылдагы Апрель революциясынан кийинки Кыргызстандагы коомдук, саясий турмуштун өнүгүүсүн, жаңы шарттарга ылайык өлкөдөгү саясий өнүгүүнүн трансформацияланышын ар тараптан изилдөө.

**Проблеманын изилденүү деңгээли.** Биз иликтөөгө бел байлаган тема өзүнүн актуалдуулугуна жараша кээ бир изденүүчүлөр – тарыхчылар, саясат таануучулар тарабынан тигил же бул маселеге байланыштуу иликтенгени баарыбызга маалым. Эске ала турган жагдай ошол жаңыланып жаткан Кыргызстандын коомдук, саясий, социалдык-экономикалык, өнүгүүсүнө, анын трансформацияланышына жаңыча өңүттө сересеп салып, соңку жыйырма жылдагы тарыхыбызга обьективдүү, илимий аналитикалык баалар бериле баштаганы кубанарлык көрүнүш. Кыргыз тарыхнаамесинде эгемендүүлүк жылдары болуп өткөн коомдук, саясий өзгөрүүлөрдү, эки жолку нукура элдик революцияларды, алардын тарыхый маани-маңызын иликтеген тарых тармагындагы изилдөөчүлөрдөн, саясат таануучулардын эмгектери жаралды. Булардын башында тарых илимдеринин доктору, профессорлор У.Ч. Чотоновдун [162,], А. Акуновдун [99,], Б.К. Абытовдун [94,], Т.А. Абдырахманов [93,], А.А. Арзыматованын [183, 4-б.], М.М. Кучуковдун[130], Н.Ж. Эсенкуловдун [130]; З. Галиеванын [115]; саясат таануучулар У. Чыналиевдин [159] , Ж. Сааданбековдун [151], А.Эркебаевдин [165]; тарыхчы авторлор коллективи түзгөн “Кыргызская государственность в XX веке” [132] – аттуу эмгек ж.б. турат. Булардан башка бир катар тарых жана саясат таануу өңүтүндө жазылган көлөмдүү макаларды атоого болот [163; 97; 115; 218; 176].

Бир катар илимий иликтөөлөр эгемендүү Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк мезгилиндеги өлкөбүздүн коомдук, саясий турмушунда, өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойногон көп партиялуулук системасынын калыптанышына багытталып, бул таризде олуттуу эмгектер жарык көргөн. Өлкөбүздө көп партиялуулук системанын калыптанышын иликтеген окумуштуулардын ичинен биз үчүн айрыкча саясат таануучулардын жана тарых илимдеринин докторлору, профессорлор З. Курмановдун, Б.К. Абытовдун тарых илимдеринин кандидаты Г. Анарбаеванын, А.Д. Келдибековдун, иликтөөчү А. Анарбековдун пикирлери маанилүү. Алар аталган проблема боюнча алгачкылардан болуп өз пикирлерин, табылгаларын кеңири коомчулукка тартуулашкан [159; 100; 153; 120; 128; 129; 102; 95; 96; 101].

Албетте Кыргызстандагы 2005-жылдын 24-мартындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги элдик революциялардын саясий, социалдык-экономикалык себептери, тарыхый, саясий маани маңызына кеңири токтолгон, ар тараптуу иликтеген эмгектер бар [137; 134; 126; 115; 258; 89; 230; 149].

Жогорудагылардын ичинде «XXI кылымдын башындагы саясий окуялар: Кыргызстандын коомдук өнүгүүнүн жаңы багытына бет алышы» - аттуу чакан изилдөө өлкөдөгү март жана апрель революцияларынын маани маңызын, келип чыгуу себептерин, кырдаалдан чыгуу жолдорун изилдөөгө багытталды [90]. Революциялык процесстерди иликтөөгө арналган дагы бир катар ар түрдүү багыттагы илимий-популярдуу эмгектер да жарык көргөнүн баса белгилөө абзел. Буларда революция жөнүндө түшүнүк, Кыргызстандагы революциянын дүйнөлүк басма сөз каражаттарында чагылдырылышы, алардын Кыргызстанга болгон ой пикирлери, элдик революциянын жүрүшү боюнча маалымат берилген [122; 142; 164; 109; 117; 123; 107; 108]. Мындан сырткары ушундай багытта көптөгөн эмгектер массалык маалымат каражаттарында, интернет булактарында жарыяланган тарыхчылардын, философтордун, саясат таануучулардын макалалары, монографиялары менен толукталды.

**Диссертациядагы негизги илимий жаңылыгы** болуп көптөгөн ар тараптуу, чар жайыт маалыматтар болгонун эске алуу менен колдо бар тарыхый булактардын, далилдүү обьективдүү жана субективдүү фактылардын негизинде иликтөөнүн обьектисине жаңы, көз караштарды, пикирлерди, изилдөөнүн натыйжалары менен толуктоо. Архивдик материалдардын негизинде кыргыз революцияларынын феноменин, алардын башка өлкөлөрүнөн айырмаланган, кыргыздарга эле тиешелүү болгон революциялык өзгөчөлүгүн аныктоо.

**Диссертациянын илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпы Ата Мекен тарыхын окутууда жана аталган тармак боюнча жалпылоочу эмгектерди жаратууда, Кыргызстандын тарыхый коомдук, саясий өнүгүүсүн иликтөөдө, көп партиялуулук, парламентаризм институту боюнча атайын курстарда, орто жана жогорку окуу жайлардын окуу процесстеринде пайдаланууга болот. Изилдөөнүн натыйжасы эгемендүү Кыргызстандын коомдук, саясий турмушунун өзгөрүүсү, трансформацияланышынын соңку жаңы тарыхын изилдеп жазууга илимий-теориялык жактан көмөк берет.

**Эмгектин коргоого алып чыгуучу негизги жоболору:**

- Көз каранды эместикти жарыялоо жана аны дүйнө өлкөлөрүнүн таануусу Кыргызстанга өз алдынча өнүгүүгө уникалдуу, өзгөчө мүмкүнчүлүк берди.
- Эгемендүү Кыргызстандын олуттуу, урунтуктуу окуяларына ар тараптуу сарсеп салуу менен алар терең изилдөөгө алынды.
- Көз карандысыз Кыргызстан өз Конституциясына ээ болду, ага ылайык мезгил талабына жараша саясий, социалдык-экономикалык реформалар жүргүзүлдү: бийлик үч бутакка бөлүнүп, алардын укук-милдеттери, өз ара мамилеси аныкталды, улуттук валюта киргизилди, мамлекеттик менчикти жеке менчикке өткөрүү ишке ашырылды, агрардык реформа жүргүзүлдү.
- Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу Президенттик институт киргизилип, Президенттер шайланып, алардын укуктары өзгөртүлүп тургандыгы иликтенди.
- Кыргызстанда түзүлгөн жаңы саясий система, башкаруу ыкмасы, чарба жүргүзүү ыкмалары шартка жараша улам тереңдеп өзгөрүп отурду.
- Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясы кыска убакыттын ичинде бир нече өзгөртүүгө дуушар болду. Анда обьективдүү жагдайлар менен катар субьективдүү жагдайларда Президенттин укуктарына, шайлануу мөөнөтүнө байланыштуу орун алды. Натыйжада президенттин укуктары эбегейсиз кеңейди, улам кайра шайлана берүүгө жол ачылды, үй-бүлөлүк башкаруу орноду.
- Расмий бийлик оппозициянын пайда болушун шарттап, олуттуу кыймыл жаралды. Республика 2003-жылы март айындагы кандуу Аксы окуясын баштан кечирди.
- Саясий бийликтин узурпацияланышы, мамлекеттик бийликте авторитардык режимдин орнотулганы, А.Акаевдин үй-бүлөөлүк башкаруусу орнотулганы, мамлекеттин каржы, экономикалык турмушуна президенттин үй-бүлө мүчөлөрүнүн кийлигиши, стратегиялык ишканалардын үй-бүлө көзөмөлүнө өтүшү ж.б. 2005-жылдагы Март революциясына алып келди.
- 2010-ж. июнунда Ош, Жалал-Абад облустарында кыргыз жана өзбек элдеринин ортосунда кыска мөөнөттөгү этносаясий маанидеги кандуу кагылыш чыкты. Бул жаңжал эки этноско тең зор жоготууларды (моралдык, материалдык, адам өлүмү ж.б.) алып келди
- Март революциясынын идеяларынын, максаттарынын жана милдеттеринин толук ишке ашпай калышы, экинчи президент мамлекетти үй-бүлө, бир туугандары менен башкарууга өткөнү, расмий бийлик органдары мурдагыдай эле коррупцияланып, авторитардык режимге айланганы экинчи элдик Апрель революциясына түрткү болду;
- 2010-жылдагы Апрель революциясы, анын саясий, тарыхый маанисин, андан кийинки коомдук, саясий жана тарыхый өзгөрүүлөр, 2005-2010-жылдардагы эки авторитардык режимин жойгон эки элдик революциянын ишке ашышы тарыхый да, саясий да жактан мыйзам ченемдүү көрүнүш болгону далилдүү белгиленди.
- Апрель революциясынан кийин өлкөдө, коомдо акырындык менен саясий, социалдык-экономикалык абалды турукташтыруу, туруктуу өнүгүүнү камсыз

кылуу, мамлекеттик түзүлүштө демократиялык принциптерди ишке ашыруу үчүн ар тараптуу трансформациялануу жараяны башталды.

**Диссертациянын негизги маани-маңызы** ар түрдүү жаңы ойлорду, идеяларды камтыган автордук 10 илимий макалаларда, тиешелүү илимий журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн. Ошондой эле автор ар түрдүү окуу жайлардын, Ош, Бишкек шаарларында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларында докладдар окуп, билдирүүлөрдү жасап, ар тараптуу талкууланган.

**Илимий эмгектин курамы** киришүүдөн, 2 баптан, 5 бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган тарыхый булактардын жана адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**«Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы жылдарындагы коомдук, саясий жана Конституциялык өнүгүүсү»** аттуу 1-баптын биринчи **"Көз карандысыз Кыргызстандын алгачкы жылдардагы коомдук, саясий өнүгүүсүнө тарыхый саресеп"** деп аталган бөлмүндө республиканын көз карандысыздыгын шарттаган бир катар тарыхый окуялар, постсоветтик мезгилдеги маанилүү саясий иш аракеттер иликтөөгө алынган.1989-ж. 23-сентябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши "Кыргыз тили жөнүндөгү" мыйзам кабыл алган. 1990-ж. Ош окуясы деп аталган улуттар аралык жаңжал келип чыккан. Ошол эле жылдын 24-октябрында өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалды жөнгө салуу, демократиялык маанайдагы депутаттардын талаптарын, мамлекеттик бийлик институттарын бекемдөө, коомдогу тартипти жана мыйзам ченемдүлүктү чыңдоо максатында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши «Кыргыз ССРинде Президенттик кызматты киргизүү жөнүндөгү» атайын мыйзам кабыл алган. Натыйжада 1990-ж. 27-октябрында парламент тарабынан, атаандаштык негизде республиканын алгачкы президенти шайланган.

1990-жылы 23-февралда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин XII чакырылышына депуттарды шайлоо болгон. Парламент ушул курамда 1990-жылдын апрелинен 1994-жылдын сентябрына чейин иштеген. 1990-жылы 23-сентябрында Жогорку Кеңеш "Кыргыз ССРинин Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү" жөнүндө чечим кабыл алган. Аталган парламент өлкөнүн демократиялык өнүгүү жолундагы алгачкы укуктук, нормативдик документтерди кабыл алып, өз алдынча өнүгүүгө негиз түзгөн.

1990-ж. 15-декабрында Кыргызстандын суверендүүлүгү, ал эми 1991-ж. 31-августунда Көз карандысыздык жөнүндөгү Декларациялар кабыл алынган. Аталган эки документ Кыргыз мамлекетин түптөөдө зор тарыхый, саясий мааниге ээ болгон. 1993-ж. 10-майда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши улуттук валюта – сомду ишке киргизүү боюнча мыйзам кабыл алган. Ал өз кезегинде өлкөдөгү саясий, экономикалык курч проблемаларды чечүүгө, өз алдынча саясат жүргүзүүгө мүмкүндүк түзгөн. 1993-ж. кабыл алынган Конституцияда Кыргызстан эгемендүү, унитардык, демократиялык республика катары жарыялаган. Ага ылайык мамлекеттик символдор: Туу, Герб жана Гимн кабыл алынган.

Эгемендүүлүк мезгилиндеги ири саясий кризис катары 2003-ж. 17-18-мартындагы Аксы кандуу окуясын атаса болот.Өлкөдөгү авторитардык режимдин бир катар антиконституциялык иш аракеттеринен улам 2005-ж. 24-мартта А.Акаевдин бийлиги кулатылган. Бирок бийликке келген К.Бакиевдин өкмөтү элдин мүдөөсүн аткарган эмес. Мурдагы саясий система сакталып калган жана президенттин бийлиги кеңейтилген. Оппозициялык партияларга каршы кысым күчөтүлгөн. Өлкө терең социалдык-экономикалык кризиске баткан. Бул өз кезегинде 2010-ж. апрель революциясына алып келген.

Республикада саясий туруксуздук үстөмдүк кылып турган шартта 2010-ж. июнунда Ош жана Жалал-Абад областтарында этникалык чыр-чатактар келип чыккан. Изилдөөчү Б.К. Абытовдун пикиринде бул окуя кыска мөөнөттөгү этникалык конфликт болгон. Ал бир катар саясий, экономикалык жана социалдык проблемалардан улам келип чыккан. Бирок аталган конфликтке баа берүүдө бир катар тенденциялуулукка жол берилген. Мисалы, азчылыкты түзгөн элге каршы геноцид саясаты катары бааланган. Бирок Кыргызстанда негизги маселе өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн сактап калуу, жарандардын коопсуздугун сактоо, улуттар аралык биримдикти бекемдөө жана алардын бейпил жашоосу үчүн ар тараптуу кам көрүү мамлекеттик саясаттын өзөгүн түзөт.

Эгемендүүлүк мезгилде Кыргызстанда көп партиялуулук система калыптана баштаган. Алгач саясий кыймылдар, кийинчерээк конкреттүү партиялар негизделген. Кыргызстандагы саясий партиялар өтө майда, коомчулукта таасири аз экендиги менен айырмаланат. Дагы бир өзгөчөлүк кыска мөөнөттүн ичинде эле бийлик тарабынан түзүлгөн партиялар катталган. Алар өз кезегинде шайлоолордо бийликте турган күчтөрдүн таасирин сактап калууга аракеттенишкен.

*Экинчи бөлүм* **“Эгемендүү Кыргызстандын Конституциялык өнүгүүсү жана реформалары”** деп аталып, анда XX кылымдын акыркы чейреги жана 2015-жылга чейинки мезгилдеги Кыргызстандагы коомдук-саясий турмуштун трансформациялануу тарыхына зор өбөлгө түзгөн өлкөбүздүн Баш мыйзамы (Конституциясы), анын кыска мөөнөттө жети жолу реформаланышы тууралуу баяндайт. 1993-жылдагы көз карандысыз Кыргызстандын жаңы Конституциясынын кабыл алынышын, аны реформалоонун негизги этаптарын, Конституцияга Президенттик институттун киргизилиши, акырындык менен анын бекемделишине сересеп салынат. Негизинен өлкөдөгү Конституциялык реформаларды, алардын негизги максаттары, натыйжалары, бийлик бутактарын бөлүүсү, мамлекеттик түзүлүштүн өзгөрүүсү, аталган реформалардын баардык этаптары тарыхый таризде терең иликтенип, ар тараптуу анализдеген.

***Үчүнчү бөлүм*** **“Кыргызстанда Президенттик институтту киргизүү, Президенттерди шайлоо тарыхына сересеп”** деп аталат, анда Кыргыз элинин, мам- лекетинин тарыхында Президенттик институт келгин саясий маданият жана келгин институт болуп эсептелээри баса белгиленет. Мурда мындай институт дегеле кыргыз тарыхында болгон эмес. Эң алгачкы жолу СССРдин жана кыргыз мамлекетинин башкаруу ыкмасында Президенттик институтту, президенттик башкарууну киргизүү маселеси 1990-жылдын башында, март

айында көтөрүлгөн. Өлкөдө алгачкы ирет Президенттик институттун киргизилиши, анын калыптанышы, акырындык менен анын бийлигинин бекемделиши, 2005-2010-жылга чейин ки эки президеттин авторитардык режиминин орношу жана анын күчөшү, үй-бүлөлүк бийликтин түптөлүшү, бийликтин ар тараптуу кризиске дуушар болуусу ынынымдуу иликтенген.

Диссертацияда эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын 27 жылдык тарыхында баардыгы болуп 9 жолу Президенттик шайлоону баштан кечирип, ал кызматка **5** адамды элибиз Кыргыз Республикасынын Президенти кылып шайлагандыгы негиздүү түрдө баяндалат.

**«2005-жылдагы март, 2010-жылдагы апрель революциясы - тарыхый өнүгүүнүн, коомдук трансформациялоонун негизги мезгили»** аттуу 2-баптын биринчи бөлүмү «**2005-жылдагы Март революциясы республиканын коомдук саясий турмушун трансформациялоонун алгачкы кадамы катары»** деп аталып, анда 2005-жылы өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаал, социалдык-экономикалык абал курчуп ошол кезге кеңири кулач жайган мамлекетти авторитардык, үй-бүлөлүк башкарууну кыйратып, саясий өнүгүүнүн багытын түп-тамырынан бери өзгөртүп, саясий системанын чыныгы демократиялык нукка бурууга толук шарттар түзүлгөнүн ынанымдуу белгилеген. 2005-жылдын мартында болгон саясий тирешүүнүн натыйжасындагы элдик көтөрүлүштүн бир катар саясий жана социалдык-экономикалык себептери болгону талашсыз факт экендиги далилденген. Ошол кездеги саясий тирешүүнүн натыйжасында келип чыккан элдик көтөрүлүштүн бир катар саясий жана социалдык-экономикалык себептери иликттөөгө алынган. праламенттик шайлоолор эл массасын чечкиндүү кадамдарга барууга түрткөн. бул саясий кризистин бир катар себептери бар: президент а.акаевдин абсолюттук бийлигинин орношу; анын конституцияны өзүнүн кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында өзгөртүп алуусу; мыйзамсыз түрдө президент мөөнөтүн узартуусу; үй-бүлөлүк бийлик жана президентке жакын адамдарын чексиз бийлиги; курч социалдык-экономикалык маселелердин чечилбеши; акыйкатсыз менчиктештирүү саясаты ж.б.

Ошентип акыйкатсыз социалдык саясаттын айынан билим берүү, саламаттык сактоо начарлап, элдин бийликке болгон ишеними жоголгон. 1991–2005-жж. калктын 70% жакырчылыкта жашоосу, жумушсуздуктун күч алуусу, мамлекеттик бийлик структурасынын коррупцияланышымарт окуяларына алып келген.

2005-ж. 27-февралындагы жана 13-мартындагы парламенттик шайлоолордун мыйзам бузуулар, административдик ресурстарды пайдалануу аркылуу өтүшү элдик толкундоолордун башталышына шарт түзгөн. Элдик толкундоолор борбордо эмес алыскы райондордо башталган. Парламенттик шайлоонун биринчи айлампасынын жыйынтыгына макул болбогон Ош, Жалал-Абад эли наразычылык митингдерин уюштуруп, стартегиялык маанидеги жолдорду тосуп салышкан. 2005-ж. 5-мартында Ош, Жала-Абад областарынын мамлекеттик администрациялары басып алынган. Көп жерлерде мөөнөтсүз митингдер башталган. Окуялар кескин ылдамдыкта өнүгүп, тез эле Кыргызстандын бүт аймагын кучагына алган**.**

21-мартта Ош шаарында миңдеген адам катышкан митинг башталып, областтык, шаардык акимияттардын жана күч түзүмдөрүнүн имараттары басылып алынган. Митингди А.Артыков, О.Текебаев, Д.Чотонов, Б.Эркинбаев, Р.Отунбаева ж.б. жетектешкен. Ушундай эле окуялар Жалал-Абадда да ишке ашып, облакимият, мэрия, шаардык жана областтык ИИБнин имараттары, аэропорт басып алынган. Нааразычылык Бишкекте, башка областтарда да башталган. Расмий бийлик түзүлгөн кырдаалдан чыгуу жолдорун издөөнүн ордуна, шайлоо жыйынтыгы менен алек болгон. 21-мартта президент А.Акаевдин талабы менен 22-мартта Борбордук шайлоо комитети парламенттик шайлоонун жыйынтыгын чыгарган. Ага ылайык 75 депутаттык мандаттын 69 Бермет Акаева жетектеген «Алга Кыргызстан» партиясына тиешелүү болгон.

Президент А.Акаев 22-мартта жаңы парламентте чыгып сүйлөп, оппозициянын аракетин мамлекеттик төңкөрүш катары баалаган. Натыйжада, 24-мартта Бишкекте Ала-Тоо аянтына оппозициялык күчтөрдүн жетекчилиги менен калк чогула баштаган. Анын негизги күчүн түштүк аймактан келген активисттер түзгөн. Ошол күнү К.Бакиев, О.Текебаев, М. Эшимканов, Т. Сариев, Р. Отунбаева ж.б. башында турган Элдик биримдиктин Координациялык кеңеши өз ишин баштап, митингдерди жетектешкен. Митинги курч мүнөздөөткөн, эл А. Акаевдин бийликтен кетүүсүн талап кылган. Бийлик элдин талаптарын аткаруудан баш тарткан соң козголоңчулар “Ак үйдү” кыска мөөнөт ичинде басып алышкан.

Март окуясы боюнча иликтөөчүлөрдүн арасында бир пикир жок. Саясатчылар: К. Бакиев, О. Текебаев, А. Бекназаров, Р. Отунбаева ж.б. бул окуяны элдик революция деп аташкан.Бирок ал күтүлгөндөй жыйынтык бербеген соң көбүбул позициядан баш тартышкан.

Изилдөөчү А. Арзыматованын «2005-жылдын 24-марты: революциябы же мамлекеттик төңкөрүшбү» деген макаласында: «…Кыргызстанда чыныгы, нукура революция болуп өткөн. Анткени саясий процесске элдик массанын көпчүлүк бөлүгү катышты. Революциянын негизги белгилери болгон. Бийликтегилер мурдагыдай башкара албай калган, ал эми эл эскиче жашоону каалабай калгандыгы» айтылат.

Экинчи топтогу ири мамлекеттик кызматкерлер, саясатчылар, мисалы, Н. Танаев 24-мартта революция эмес мамлекеттик төңкөрүш болгон деп эсептейт. Үчүнчү топко киргендер, мисалы, окумуштуу А.Князев ачык эле 24-мартта мамлекеттик төңкөрүш болгон деп эсептейт. Болгону бийлик алмашкан, бирок коомдо чукул өзгөрүүлөр болгон эмес.

Ошентип Март революциясынын натыйжасында Кыргызстанда элдик бийлик орногон.

Жогоруда аталгандардан улам бул бөлүм боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- 2005-ж. Март революциясы бир катар саясий, социалдык-экономикалык кризистерден улам келип чыккан;
- Өлкөдө мыйзам бузуулар аркылуу авторитардык режим, А. Акаевдин үй-бүлөлүк башкаруусу орнотулган;

- мамлекеттин каржы, экономикалык турмушунпрезиденттин үй-бүлө мүчөлөрү көзөмөлдөп, стратегиялык маанидеги ишканалар алардын карамагына өтө баштаган;
- президент А.Акаев өз бийлигин бекемдөө максатында балдарын, жакын туугандарын шайлоолорго катыштырып, көптөгөн мыйзам бузуулар аркылуу көз каранды парламент түзүүгө аракет жасаган;
- элдик чыгуулардын натыйжасында мурдагы бийлик кулатылган соң жаңы Өкмөт тандеми куралган;
- Март революциясынын натыйжасында республикада элдик бийлик орногон.

*Экинчи бөлүм* **«2010-жылдагы Апрель революциясы, тарыхый мааниси, андан кийинки коомдук, саясий жана тарыхый өзгөрүүлөр»** деп аталып, анда 2010-жылдагы Апрель элдик революциясын коомдук трансформациялоонун олуттуу мезгили катары каралат. 2005-жылдагы Март революциясы республиканын коомдук саясий турмушун трансформациялоонун алгачкы кадамы катары каралса, 2010-жылдагы Апрель элдик революциясын азыркы кыргыз элинин эркиндиги, адилеттүүлүк үчүн күрөшүнүн, деги эле коомдук, саясий турмуштун трансформацияlануусунун маанилүү баскычы катары иликтенди.

2005-жылдагы революциядан кийин, өлкөдөгү саясий, социалдык-экономикалык абал боюнча элдин үмүтү акталбай, алданган элдин нааразылыгы, коомдук турмуштагы кырдаалдын курчушу, мамлекет ичинде түзүлгөн саясий, социалдык-экономикалык шарттар Кыргызстан элин экинчи жолу көтөрүлүүгө, экинчи революцияны баштоого түрткү болгонун туура баамдаган. Эки революция тең адаттагыдай ири саясий, социалдык-экономикалык жана маданий борбордон эмес, чет жакадан, элет жерлеринде башталып, борборду карай агылганын баса белгилеген.

2006-ж. Бишкекте бир катар саясий партиялар жана өкмөттүк эмес уюмдардан (“Интербилим”, “Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы”, “Кел-Кел”) “Демократиялык күчтөрдүн элдик коалициясы” уюшулуп, ЖКтин депутаты К. Байболов анын координатору болуп шайланган. Бирикменин негизги максаты – Кыргызстанды парламенттик республикага айландыруу болгон. 2006-ж. 29-апрелде анын жетекчилиги менен “Өлкөнүн гүлдөп өнүгүшү үчүн демократиялык реформалар” деген чакырыктын алдында жалпы элдик митинг болуп өткөн. Анын катышуучулары төмөндөгүдөй 10 талап менен чыгышкан: кылмыш топтору менен күрөш жүргүзүү; бийликтин кылмыш тобу менен аралашып кетүүсүнө жол бербөө; паракорлукка каршы күрөшүү; конституциялык реформа; Президентке караштуу аткаруу органдарын таратуу жана алардын милдеттерин өкмөткө ыйгаруу; укук коргоо органдарын реформалоо.

Оппозициялык “Реформалар үчүн” кыймыл (лидери – ЖКтин депутаты Ө. Текебаев) Бишкекте эки ири митинг уюштурган. Анын катышуучулары Президенттен конституциялык жана экономикалык реформаларды жүргүзүүнү, коррупция жана кылмыштуулук менен күрөштү активдештирүүнү талап кылышкан. Алар “өлкөдө түзүлүп жаткан кризистик кырдаал менен конституция-

лык реформаларды жүргүзүүнү атайын создуктуруп жаткандыгы үчүн жоопкерчилик" Президентке ыйгарыларын билдиришкен.

Аталган жылдын октябрь айында оппозиция: парламентке Конституциянын макулдашылган долбоорун добушка коюуну; коалициялык "Элдик ишеним өкмөтүн" түзүүнү; ММК кысым көрсөтүүнү токтотуу жана реалдуу сөз эркиндигин камсыздоо; "үй-бүлөлүк" бизнести токтотуу сыяктуу жаңы талаптар менен чыгышкан. 2-ноябрда борбордук аянтта "Реформалар үчүн" кыймылы уюштурган мөөнөтсүз тынчтык митинги башталган. К. Бакиев – Ф. Кулов тандемин бийликтен кетирүү, конституциялык реформаларды жүргүзүү алардын негизги талаптары болгон. Республиканын бардык жерлеринде толкундоолор башталган.

Бирок конституциялык реформаларды жүргүзүү Президент тарабынан создуктурулган. 6-ноябрда оппозициялык депутаттар К. Байболовдун төрагалыгы алдында Учредителдик жыйын уюштурушуп, өздөрү түзгөн Конституция үчүн кол топтой башташкан. 7-ноябрда негиздөөчү жыйын 38 адамдын добуш берүүсү менен Конституциянын жаңы долбоорун кабыл алышкан. Президент К. Бакиев 8-ноябрда Конституциянын бул долбооруна кол коюуга аргасыз болгон. Ошол эле күнү аны ЖКтин депутаттарынын кароосуна алып чыгышкан жана ал экинчи окууда кабыл алынган. 9-ноябрда Президент "КРнын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү" мыйзамга кол койгон.

Бирок мыйзам 30-декабрда шашылыш түрдө даярдалгандыктан, каталары көп болгон жана карама каршылыктуу жактары кездешкен. Ошондуктан декабрдын аягында анын жаңы редакциясы кабыл алынган.

"Реформалар үчүн" кыймыл Конституциянын декабрдагы редакциясын кабыл алууда укук бузуулар болгондугун айтышып, аны таануудан баш тартышкан. 2007-ж. январда Президент парламентке эки ирет премьер-министрлик кызматка Ф. Куловдун талапкерлигин сунуштаган, бирок көпчүлүк депутаттар ага ишеним көрсөткөн эмес. Натыйжада премьер-министрлик кызматка К. Исабеков бекитилген. 18-февралда Ф. Кулов "Кыргызстандын татыктуу келечеги үчүн бириккен фронт" аттуу коомдук-саясий союз түзгөн. Анын жактоочулары Мамлекет башчысы К. Бакиевдин бийликтен кеттүүсүн, мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоолорду өткөрүү жана конституциялык реформаларды ишке ашыруу жана коалициялык өкмөт түзүүнү талап кылышкан.

Мамлекет башчысы алардын талабына макулдугун билдирип, премьер-министр А. Исабековду коомдо саясий туруктуулукту сактоо максатында кызматтан кетирип, коалициялык өкмөттү түзүү милдетин оппозиция лидерлеринин бири А. Атамбаевге (КСДП) тапшырган.

11-апрелде Бишкекте "Бириккен фронт" жана "Реформалар үчүн" кыймылынын жетекчилиги алдында 20 миңге жакын адам катышкан митинг башталган. Ала-Тоо аянтына боз үйлөр, чатырлар орнотулуп, катышуучулар үчүн тамак-аш уюштурулган. Митингчилер төмөндөгүдөй талаптарды коюшкан: Конституциянын жаңы редакциясын кабыл алуу, мөөнөтүнөн мурда президенттик жана Конституциялык сотту шайлоо, коалициялык өкмөттү түзүү

ж.б. Бирок 20-апрелге караган түнү митингчилер тартип сактоочуларын таш менен аткылап башташканда, аларды күч менен кууп таркаткан.

Ошол жылдын сентябрында ЖКтин депутаттары М.Эшимканов жана К.Карабеков республиканын Конституциялык сотуна 2006-ж. ноябрь–декабрь айларында кабыл алынган Негизги мыйзамдын редакциясынын мыйзамсыздыгы жөнүндө арыз менен кайрылышкан.

Конституциялык сот 14-сентябрда кабыл алган негизги мыйзамга оңдоолорду талапка жооп бербей тургандыгын эске алып 2003-ж. Конституцияга кайтуу жөнүндө чечим чыгарган.

Президент К. Бакиев 19-сентябрда Референдум жөнүндөгү жарлыкка кол коюп жана Конституциянын жаңы редакциясы жөнүндөгү мыйзам долбоорун, Шайлоолор жөнүндөгү кодексти жалпы элдик добуш берүүгө алып чыккан.

23-октябрда өлкө башчысы “КРнын ЖКне депутаттарды мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндөгү” жарлыгына ылайык парламентти тараткан.

21-ноябрда өткөрүлгөн референдумда республиканын Негизги мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган. 28-ноябрда премьер-министр А. Атамбаев кызматтан четтетилип, вице-премьер-министр И. Айдаралиев (Жалал-Абад областынын мурунку губернатору) өкмөт башчысынын милдетин убактылуу аткарып калган. Ал эми 24-декабрда премьер-министр болуп И. Чудинов дайындалат.

2007-ж. мөөнөтүнөн мүрда өткөрүлгөн парламенттик шайлоолор. Шайлоолор жөнүндөгү кодекстин жаңы редакциясына ылайык депутаттыкка шайлоо пропорционалдык система боюнча жүргүзүлгөн. Шайлоого каттоодон өткөн саясий 70 партия катышкан.

Шайлоо кодекси гендердик теңдикти сактап, курактык жана улуттук ажырымды (төп келбестикти) жоюу үчүн квоталарды бекиткен: жалаң эркектер же аялдар бир тизмеде 70%дан ашык болбош керек, бир жыныстагы талапкерлер тизмеде катарынан турса, анда алардын саны үчтөн ашпашы керек; тизмедеги талапкерлердин 15% 35 жаштан кем болбошу зарыл; 15% республикада жашаган башка улуттун өкүлдөрү болушу керек.

Бир катар партиялар (Коммунисттик партия, Жашылдар партиясы, Кыргызстан дыйкандар партиясы, Ооганыстан согушунун жана башка локалдык чыр-чатактардын ардагерлери партиясы, “Таза коом”, “Родина” жана “Замандаш”) каттоодон өтпөй калган. Алардын катталбай калышына: гендердик жана улуттук бөлүштүрүү боюнча жобонун сакталбагандыгы; “Родина” партиясынын талапкерлеринин бир бөлүгүнүн Кыргызстандын жарандары экендигин аныктоого мүмкүн болбогондугу негиз болгон.

Шайлоолордо жеңишке жетүү үчүн партиялар 5% тоскоолдуктан (республика боюнча) жана 0,5% (ар бир областтан) тоскоолдуктан өтүүсү керек эле. Көпчүлүк партиялардын баштапкы түзүмдөрү болбогондуктан, электорат тарабынан колдоого ээ болгон эмес. Шайлоонун алдын ала жыйынтыктары боюнча, президенттик “Ак Жол” жана оппозициялык “Ата Мекен” партиялары

биринчи тоскоолдуктан өтүшкөн; экинчи тоскоолдуктан – “Ак-Жол” партиясы гана өткөн.

БШК тарабынан жарыяланган шайлоонун акыркы жыйынтыктары боюнча “Ак-Жол”, КСДП (алдын ала эсептөөлөр боюнча – 4,5%) жана Коммунисттик партиянын (2,95%) өкүлдөрү. Бийлик өзү республикадагы ансыз деле татаал саясий кырдаал өкүм сүрүп турган учурда жаңы революциялык толкундан кооптонуп, ЖКте партиялык өкүлчүлүктөр жөнүндөгү маселени ушундай жол менен чечүүгө барган.

Мыйзам бузуулар менен өткөрүлгөн парламенттик шайлоолор оппозициялык күчтөрдүн жандануусуна алып келген. “Ата-Мекен”, “Ар-Намыс”, “Асаба”, “Таза коом” партиялары “Акыйкат үчүн” саясий кыймылына биригишкен. 2009-ж. сентябрда Президент К.Бакиев Конституцияны бузуу менен мамлекеттик башкаруу системасын реформалоого аракет жасаган.

Президенттик администрация жана мамлекеттик комитеттер таратылган. Мамлекеттик кеңеш түзүлүп, анын негизги максаты Президенттин “мураскерин” аныктоо болгон.

Президенттик институт түзүлүп, анын курамына аппарат, Президенттин секретариаты, Өнүгүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттиги (ЦАРИИ) кирген. Агенттиктин жетекчилигине М. Бакиев дайындалган. Бул түзүмдө эки жаңы кызмат орундары – өлкө башчысынын коргонуу, коопсуздук жана укук тартиби (бардык күч түзүмдөрүнүн координатору) боюнча мамлекеттик кеңешчиси жана Тышкы иштер боюнча мамлекеттик министр каралган.

14 министрлик (Финансы, Юстиция, Коргоо, Ички иштер, Айыл чарба, Энергетика ж.б.), 7 агенттик (Монополияга каршы, Социалдык камсыздоо, Маданият, Айлана чөйрөнү коргоо жана токой чарба, Байланыш, Дене тарбия жана спорт, Архитектура жана курулуш) түзүлгөн.

Өкмөттүн курамынан Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы жана Финансы полиция мамлекеттик кызматы чыгарылып, Президентке түздөн-түз баш ийип калган. Өкмөттүн алдында Мамлекеттик каттоо кызматы түзүлгөн.

Президент бир эле убакта өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн бийлигин күчтөндүрүү менен маанилүү кызматтарга туугандарын активдүү түрдө дайындай баштаган (уулу Марат Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын төрагасынын орун басары болуп дайындалган, бир туугандары ар кандай маанилүү кызматтарды ээлешкен: Жаныш Бакиев Мамлекеттик күзөт кызматын жетектесе, М. Бакиев Германиядагы Кыргызстандын Ыйгарым жана толук укуктуу элчиси, Адыл Бакиев соода өкүлү жана экономика жана инвестициялар боюнча кеңешчи, Жусуп Бакиев Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Республикалык фондунун президенти болгон).

2010-ж. Апрель революциясынын келип чыгышынын бир топ саясий, социалдык-экономикалык себептери бар. Ар бир революциянын максатыкоомдо ири реформаларды ишке ашыруу болуп саналат. Бирок, Март революциясынан кийин өлкөдө ири реформалар жүргүзүлгөн жок. К.Бакиев үй-бүлөлүк башкаруу системасын сактап гана тим болбостон, эл байлыгын

уурдап-тоноо процессин андан ары уланткан. Бийлик менен кылмыш чөйрөлөрүнүн биригүү тенденциясы күч алган.

- 2002-ж. Март революциясынын натыйжасында бийликке келген жаңы өкмөт эл массасынын жеңишин өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып кеткен.
- К. Бакиевдин мезгилинде да авторитардык бийлик күч алып, элдин жаңы президентке болгон ишеними жоголгон, натыйжада эл менен бийликтин ортосунда чоң ажырым, карама-каршылык пайда болгон;
- президенттин үй-бүлөсү, жакындары эл байлыгын, мамлекеттин мүлкүн талап-тоноосу мурдагыдан да күчөгөн;
- социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук адилетсиздик, калктын жакырлануусу күчөгөн. Жумушсуздуктун айынан чет өлкөлөргө кеткен эмгек мигранттарынын саны көбөйгөн;
- электроэнергияга болгон баанын жогорулашы, кошумча салыктардын киргизилиши элдик толкундоолорго белгилүү бир деңгээлде өз таасирин тийгизген.

Социалдык-экономикалык жана саясий кризистин чыңалуусунан улам экинчи революция ишке ашкан. 2010-жылдын Апрель окуясы маани-маңызы боюнча саясий, мүнөзү боюнча элдик революция болгон.

2010-жж. Апрелинде элдик толкундоолор республиканын чет жакаларында башталган. Оппозициялык күчтөр бийликке каршы бирдиктүү фронт түзүүгө аракеттенишкен.Расмий маалыматтарга караганда Бишкектеги кагылышуу учурунда 90го жакын жаран курман болуп, 1500дөй адам жарат алышкан.

Апрель революциясынын негизги себептери төмөнкүлөр болгон:

- президент К. Бакиев мамлекетти үй-бүлө, бир туугандары менен башкарууну күчөткөн;
- бийликтин бардык бутактары биротоло коррупцияланып, авторитардык режим бекемделген;
- М.Бакиев башында турган ЦАРИ агенттигинин түзүлүшү өлкөдө кош бийликтин жаралышына алып келген. Башкача айтканда, ал мамлекеттин расмий эмес башкаруучусуна айланган;
- өлкөдөгү бардык кирешелүү мамлекеттик, стратегиялык маанидеги ишкана-лар бакиевдердин карамагына өткөн;

Жогоруда айтылган терс көрүнүштөр 2010-ж. 17-мартында бириккен оппозициянын 12 миңдей киши катышкан Форумунда ачык айтылып,түзүлгөн кырдаалды жөнгө салуу үчүн бийликке бир ай мөөнөт берилген. Бирок, К. Бакиев компромисске барып саясий кризистен чыгууга аракет жасаган эмес. Натыйжада, элдин нааразычылыгы күчөп, революциялык кырдаал түзүлгөн.

2010-ж. жазында калктын нааразылык маанайы кайрадан күчөй баштаган. Өкмөттүн кескин жана ойлонулбаган иш аракеттеринин натыйжасында коммуналдык кызматтарга, электр жана жылуулук энергиясына, мобилдүү телефондук байланыштарга баа жогорулаган, бул болсо өз кезегинде элдин нааразычылыгын пайда кылган. Февралдын аяк ченинде Нарын областынын жашоочулары нааразычылык иш чараларын башташкан, ага жогоруда айтылган

өкмөттүн саясаты, андан сырткары Кыргыз-Кытай чек аралык көзөмөлдөн өткөрүүчү жана бажы посттун өлкөнүн ичине карай 60 км. көчүрүлгөнүнө, КЭРна жерди 49 жылга ижарага берилгени себеп болгон. Алар республиканын бийик тоолуу райондорунун жашоочуларына жеңилдиктерди калыбына келтирүүнү талап кылышып. Алай районунун тургундары мурунку коргоо министри И. Исаковду түрмөдөн бошотууну жана анын акталышын талап кылып чыгышкан.

Президент К. Бакиевдин мөөнөтүнөн мурда бийликтен кетүүсүн жана өлкөнүн саясий системасын түп тамыры менен өзгөртүүгө жетишүү максатында 12 оппозициялык кыймыл жана 7 партия “Бириккен элдик кыймылын” түзүшкөн. Оппозициячылар К. Бакиевди “өлкөдөгү түзүлгөн терең кризистик абал боюнча жоопкерчиликти өзүнө алып, ээлеген кызматынан кетүүнү талап кылышкан.

Алар өкмөттөн электр жана жылуулук энергиясы үчүн жаңы тарифтерди алып салууну, мамлекеттин каражатына “Кыргызтелеком”, “Түндүкэлектр” ишканаларын өткөрүүнү, коалициялык өкмөт түзүүнү, М. Бакиев жетектеген Өнүгүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттикти таратууну, ошондой эле президенттин туугандарын мамлекеттик кызматтардан бошотууну талап кылышкан. Эгер бул талаптар аткарылбаса, элдик кыймыл 7-апрелде республиканын бардык аймактарында каршылык көрсөтүү чараларын курултай түрүндө бир эле убакта “элдик бийликти” орнотуу максатында өткөрүүнү пландаштырган.

24-мартта улуттук кызыкчылыктарды жана учурдун талаптарын аныктоо максатында бийлик тарабынан “Ынтымак курултайы” өткөрүлгөн. К. Бакиев курултайда республикадагы шайлоо институтун сындап чыгып, “кеңешүүчү” демократияга өтүү зарылдыгын жарыялайт, муну менен ал өлкөнүн жарандарын мамлекеттик башкаруу системасын түзүүгө катышуу боюнча конституциялык укуктарынан ажыратууну көздөгөнү таасын байкалат.

Бул окуялар республикада социалдык-экономикалык кырдаал татаалдашып, азык-түлүк жана өнөр жай товарларына болгон баанын өсүп жаткан учуруна туура келген.

Ошол жылдын 6-апрелинде Талас шаарында 3 миңдей киши катышкан митинг башталган. Митингчилер областтык администрациянын имаратын ээлеп, губернаторду барымтага алышкан жана элдин губернаторду дайындашкан. Өкмөттүн жүргүзгөн иш аракетине кыжырданган жаштардын тобу 7-апрелде Ички иштер башкармалыгынын имаратын өртөшүп, курал жарактарын тартып алышкан. Абалды жөнгө салуу үчүн келген ички иштер министри М. Конгантиев колго түшүрүлүп, ур-токмокко алынган.

Премьер-министр Д. Үсөнов Бишкекте пресс-конференция уюштуруп, оппозицияны мамлекеттик төнкөрүш уюштуруу аракеттерин жүргүзүүдө, бийлик эч кандай талоончул, баш аламандык чараларга жана конституцияга каршы аракеттерге жол бербейт, ал эми “кырдаалды туруксуздаштырууга болгон аракеттер аңсуз басылат” жана “күнөөлүүлөр жазаланат” деп билдирген.

Укук коргоо органдары 6-апрелден 7 сине караган түнү Бишкекте, Таласта жана Ошто ондон ашуун оппозиция лидерлерин (Ө. Текебаев, Б. Шерниязов Д. Чотонов, А. Артыков, Э. Каптагаев, А. Атамбаев, Т. Сариев) камакка алышкан. Бийликтин мындай иш-чаралары оппозициянын алдыда биргелешип өткөрө турган митингдерди башкаруусуз калтырган, ал өз кезегине көзөмөлдөөгө мүмкүн болбогон, каршылык көргөзүүнүн жаңы толкунун пайда кылган.

7-апрелде КСДПнын кеңсесинин алдында элдер чогула баштаган. Митингди таратууга аракеттенген милиция кызматкерлери менен козголоңчулардын ортосунда тирешүүлөр болгон.

Милиционерлер жана Ж.Бакиевге баш ийген "Арстан" ыкчам тобу борбордук аянтка бараткан жолду тосууга аракет жасашкан. Бирок митингдин катышуучулары тосмодон өтүшүп өкмөт үйүнүн алдына чогулушкан жана Бакиевдин бийликтен кетүүсүн талап кылышкан деген чакырыктар менен турушкан. Алардын көпчүлүгү тартип сакчыларынан тартып алынган автомат, пистолеттер менен куралданышкан.

Тартип сакчылары аларды артка сүрүүгө аракеттенишет, бирок митингчилер аларды таштар менен аткылашкан, натыйжада милиция кызматкерлери чегинүүгө аргасыз болушкан. Сан жагынан көпчүлүктү түзгөн козголоңчулар тартип сакчыларын сабашып, алардын калкан жана таяктарын тартып алышкан. Борбордук аянтка киргизилген өкмөттүк кошумча күчтөр көздөн жаш агызуучу газ, резина октору жана чуу чыгаруучу гранаталар менен козголоңчуларды аткылай баштакан.

Митингге катышкандардын бир тобу Мамлекеттик коопсуздук комитетинин мекемесине кирип барышып, камактагы оппозиция лидерлерин бошотушат. Өкмөттүк күчтөрдөн бронетранспортту тартып алышкан демонстранттар Ак үйдү чабуулга алышкан. Бир нече жүк ташуучу машиналардын жардамы менен митингчилер өкмөт үйүнүн тегерегиндеги коргондүн дарбазасын бузуп кирүүгө аракеттенишет. Буга жооп иретинде, Өкмөт үйүнүн жанында жайгашкан имарттардын үстүнөн көзгө атарлар ок ата башташкан, натыйжада 87 адам каза болуп, 1500 адам жарат алган. Бийликтин мындай иш аракети козголоңчуларды чечкиндүү аракеттерди жүргүзүүгө мажбур кылган.

2010-ж. апрель окуяларынын себептерин жана шарттарын бардык тарабынан изилдеген Мамлекеттик комиссия төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган: 1) Өлкөдөгү саясий, экономикалык жана социалдык абалдын кескин начарлашы; 2) Оппозициялык жана бардык прогрессивдүү күчтөрдүн К.Бакиевдин үй-бүлөлүк кланына каршы күрөшү жана калктын басымдуу бөлүгүнүн бийликтин элге каршы саясатына наразычылыгынын күчөшү; 3) К. Бакиев республикада кеңири саясий жана социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзбөстөн, өлкөнүн экономикасына толук үй-бүлөлүк көзөмөл жана авторитардык режим орнотууга аракет жасашты; 4) 2008–2010-жж. энергетикалык каатчылык жана стратегиялык ишканалардын ("Кыргызтелеком", "Түндүкэлектр", "Чыгышэлектр") арзан сатылышы; 5)

башында Д. Үсөнов турган өкмөт 2010-ж. январынан  электр энергиясына тарифти эки эсе, июль айынан – беш эсе жогорулатууга бел байлаган, мобилдик телефон байланышына кошумча төлөмдөрдү киргизүүсү, газ кризиси – негизги себептерден болгон.

Бишкекте  8-апрелге караган түнү талап-тоноочулук кеңири кулач жайган.  Алар менен күрөшүү үчүн шашылыш түзүлгөн элдик кошуундар алсыз болушкан. Көпчүлүк соода борборлору жана супермаркеттер таланып, тонолуп, парламенттен, өкмөт үйүнөн техника, эмеректер ташылып чыгарылып кеткен. Милициянын, прокуратуранын имараттары, дүкөндөр жана кафелер, ондогон жеке менчик автомобилдер өрттөлгөн.

Оппозиция лидерлери парламенттин таралгандыгын жана Р. Отунбаева башында турган Убактылуу өкмөттүн (“Эл ишеним өкмөтү”) түзүлгөндүгү жөнүндө  жарыялашкан. Анын курамына А. Атамбаев (биринчи вице-премьер), Ө. Текебаев – төраганын орун басары (конституциялык реформаларды жүргүзүү бонча жооптуу), А. Бекназаров, Т. Сариев – төраганын орун басарлары болуп дайындалышкан.

12-апрелде  Убактылуу өкмөт Конституциялык сотту тараткан К. Бакиев болсо туулуп өскөн айылы Тейитке качып ал жерде өз тарапкерлери менен жаңы бийликке каршы, конституциялык тартипти “сактоо” үчүн куралдуу каршылык уюштурган. 13-апрелде бийликтен кулатылган президент өз бир тууганадары менен бир нече жүздөгөн куралчан адамдардын коштоосунда Жалал-Абад шаарынын борборунда бир нече миң адам катышкан митинг өткөрүшкөн. Ал президенттик милдетин өз эрки менен өткөрүп берүүгө макул эместигин, ал эми оппозицияны жарандык согуштун тутануусуна жана элдердин өлүмүнө күнөөлүү деп эл алдында билдирет. Мындан тышкары, ал түштүк аймагына автономияны талап кылган.

Кийинчерээк К. Бакиев өз абалынын кыйын экендигин түшүнүп, эгер Убактылуу өкмөт өзүнө, үй-бүлөсүнө жана бир тууганадарына коопсуздукту камсыздай турган болсо бийликтен кетүүгө макулдугун берүүгө даяр экендигин билдирет. Убактылуу өкмөт саясий абалды турукташтыруу максатында К. Бакиевди үй-бүлөсү менен республиканын чегинен сыртка тоскоолдуксуз чыгып кетиши жөнүндө чечим кабыл алган.

15-апрелде К. Бакиев бийликтен кетүү жөнүндө арызына кол коюп, Беларуссияга учуп кетүүгө аргасыз болот. Бирок, Минскиде ал президенттик кызматтан кетпегендигин жарыялап, дүйнөлүк ири мамлекеттердин жетекчилеринен Кыргызстандын Убактылуу өкмөтүн тааныбашын суранат.

Изилдөөдө2010-жылдын Апрель революциясынын тарыхый хроникасы тастыкталды. Бул жолу революциялык кыймылдар Таласта башталган. Тез эле Ош, Жалал-Абад, Нарын, Бишкек шаарларын өз кучагына алган. Ак үй элдин колуна өтүп, К. Бакиев качкандан кийин Элдик курултайдын Аткаруу комитети мамлекеттеги жоопкерчиликти, бийликти өз мойнуна алган. Элдик курултайдын Борбордук Аткаруу комитетинин төрайымы болуп Р. Отунбаева шайланган. Бийлик Убактылуу Өкмөттүн колуна өткөн. Убактылуу Өкмөттүн башчысы Р. Отунбаева, биринчи орун басары А. Атамбаев, орун басарлары  Ө.

Текебаев, Т. Сариев, А. Бекназаров, коргоо министри И. Исаков, УМКК төрагасы К. Дүйшебаев, ички иштриер министри Б. Шерниязов дайындалган.

Ошентип К. Бакиевдин режими Апрель революциясынын натыйжасында кулады.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР.

Диссертациялык иликтөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактар чыгарылды:

- Кыргызстандын эгемендүүлүккө жетишүү жараяны, алгачкы демократиялык тариздеги максаттардын ишке ашышы, коомдук, мамлекеттик турмушта жаңы саясий институттардын пайда болушу жана алардын өнүгүүсү иликтенди;
- Эгемендүүлүк мезгилинде республикада президенттик, парламенттик институттар киргизилди;
- 1990-жж. баштап өлкөнү демократиялаштыруу процесси ишке ашырылган, анын натыйжасы катары көп партиялуулук системасынын калыптануусун жана жарандык коомдун түзүлүшүн атаса болот;
- 2002-жылдагы Аксы окуясы эгемендүү Кыргызстандагы саясий, социалдык-экономикалык кризистинжыйындысы болгондугу тастыкталды;
- 2005-жылы Март революциясына алып келген өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаал, социалдык-экономикалык абал курчуп, ошол кезге кеңири кулач жайган мамлекетти авторитардык, үй-бүлөлүк башкарууну кыйратып, саясий өнүгүүнүн багытын түп-тамырынан бери өзгөртүп, саясий системанын чыныгы демократиялык нукка буруууга толук шарттар түзүлгөнүн ынанымдуу белгиленди. 2005-жылдын мартында болгон саясий тирешүүнүн натыйжасындагы элдик көтөрүлүштүн бир катар саясий жана социалдык-экономикалык себептери болгону талашсыз факт экендиги белгилөө абзел.
- 2005-жылдагы революциядан кийин, өлкөдөгү саясий, социалдык-экономикалык абал боюнча элдин үмүтү акталбай, алданган элдин ңааразылыгы, коомдук турмуштагы кырдаалдын курчушу, мамлекет ичинде түзүлгөн саясий, социалдык-экономикалык шарттар Кыргызстан элин экинчи жолу көтөрүлүүгө, экинчи революцияны баштоого түрткү болгону баамдалды. Эки революция тең адаттагыдай ири саясий, социалдык-экономикалык жана маданий борбордон эмес, чет жакадан, элет жерлеринде башталып, борборду карай агылганын баса белгилеген
- 2005-жылдагы Март элдик революциясыА.Акаевдин авторитардык режимин кулаткан. Бийликтин мыйзамсыз аракеттери, калктын жашоо турмушунун кескин төмөндөшү, миграциянын күчөшү коомдогу нааразычылыктардын негизин түзгөн;
- 2010-жылдагы Апрель элдик революциясы азыркы кыргыз элинин эркиндиги, адилеттүүлүк үчүн күрөшү болуп калды. Ошол күндөрү кырчындай өмүрлөр кыйылып, өз элинин келечеги үчүн кыргыздын чыгаан уулдары курман болушту. Албетте алардын ар бири өз элинин баатырлары болушту, ар биринин ысымдары эл жүрөгүндө, мамлекет тарыхында түбөлүккө сакталаары талашсыз. Апрель күндөрү кыргыз эли, анын татыктуу уул-кыздары бир адамдын, үй-бүлөнүн бийлиги менен байлыгына куралдын күчү менен чөгөлөтө

албастыгын корсөтө алышты. Бул революция күндөрү кыргыз тарыхынын жаңы барактарын ачып, жаңы тарых барактарын баштап бергендиги тастыкталган

- 2010-жж. Апрель окуясыкоомдук-саясий турмуштун түп тамырынан бери өзгөрүүсүнөө бөлгө түзгөн. Бул мезгилде Кыргызстан президенттик-парламенттик башкаруу системасына өткөн.
- 2010-жылдагы Апрель элдик революциясын азыркы эгемендүү жана көз карандысыз Кыргызстандын, кыргыз элинин эркиндиги, адилеттүүлүк үчүн күрөшүнүн, деги эле коомдук, саясий турмуштун трансформациялануусунун маанилүү баскычы катары кароого болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

- дүйнөлүк алдыңкы мамлекеттерде конституция негизинен көп убакытка чейин өзгөрүүсүз иштеп келет. Кыргызстанда көз карандысыздык учурунда Конституция бир катар өзгөрүүлөргө учураган. Бийлик негизги мыйзамды өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып келген. Конституцияны өзгөртүү, формалдуу иш аракеттер менен алектенбестен, өлкөдөгү маанилүү социалдык-экономикалык маселелерди чечүү, калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу зарыл;
- оппозициялык маанайдагы лидерлерди куугунтуктоо натыйжасыз экендигин өлкөнүн акыркы учурдагы тарыхы далилдеди. Бийлик оппозиция менен конфронтацияны күчөтпөй, элдешүү аркылуу мамлекеттин кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, коомдогу стабилдүүлүктү сактоого умтулуу керек;
- бийликке келип өз жыргалчылыгы үчүн кам көргөн, саясий оюндарды ишке ашыруу менен гана алектенген утилитардык мүнөздөгү саясатчыларды эмес, тескерисинче жоопкерчиликти сезген, элдин, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн эмгектенген профессионалдуу, билимдүү, келечекти көрө билген адистерди мамлекеттик кызматтарга тартуу зарыл;
- партиялардын коомдук турмуштагы ролунун өсүшүнө реалдуу шарт түзүү керек. Ал үчүн шайлоолор учурунда административдик ресурстарды пайдаланууну токтотуу, бардык талапкерлер үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу жана декларативдүү эмес чыныгы демократиялык баалуулуктарды иш жүзүнө ашыруу зарыл;
- коомтогу терс көрүнүштөрдөн арылуу максатында бир эл, бир мамлекет түшүнүгүн коомдун бардык катмарларына жеткирүү жана аң-сезиминде терең орун алуусу үчүн бир катар идеологиялык иш чараларды массалык маалымат каражаттары аркылуу ишке ашыруу зарыл. Анткени уруучулук, аймакчылыкка окшогон негативдүү тенденциялар республикадагы туруксуздукту күчөтүп, мамлекеттин коопсуздугуна чоң коркунуч туудурууда.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган**:

1. Арапова М.М. Элдик революциянын өбөлгөлөрү [текст] / Арапова М.М. // Наука и новые технологии. -Бишкек, 2010. -№5. -203-206-бб.

2. Арапова М.М. Кыргызстандагы март революциясы дүйнөлүк басма сөздөрдө [текст] / Арапова М. // Известия вузов. -Бишкек, 2010. -№5.-С.152-156.

3. Арапова М.М. Кыргызская революция во всемирной печати слов [текст] / Арапова М. //Поиск. Республика Казахстан.-Алмата, 2010. №4 (2) –С.141-145.

4. Арапова М. Кыргызстандын парламенттик башкарууга бет алышы [текст] /Арапова М.//Наука и новыетехнологии. -Бишкек, 2011. №2. –С. 202-205.

5. Арапова М.М. Кыргызстандагы коомдук өнүгүүнүн жаңы мезгилинин башталышы [текст] /Арапова М.М. // Известия вузов. -Бишкек, 2011. -№1.-С. 152-156.

6. Арапова М.М. Эгемендүү Кыргызстандагы саясий кризистин элдик революцияга өсүп чыгуу жолдору [текст] /Арапова М.М. // Известия вузов. -Бишкек, 2011. -№1.-С. 185-189.

7. Арапова М. Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүлдү [текст]/Арапова М.//Наука и новые технологии. -Бишкек, 2012.-№1. -С.220-224.

8. Арапова М.М. Март революциясынын тарыхый мааниси[текст] /Арапова М.М. // Известия вузов. -Бишкек, 2012. -№1.-С.174-177.

9. Арапова М.М.Современные транцформации Кргызской государственности и суверенитета[текст] /Арапова М.М. // Интерактив плюс Центр Научного Сатрудничества Инновационные технологии в науке и образовании,-Чебоксары,2015.-№4(4) 75-78

10. Арапова М.М. Управление муниципальной собственности Кыргзской Республики[текст] /Арапова М.М. // Интерактив плюс Центр Научного Сатрудничества Инновационные технологии в науке и образовании,-Чебоксары,2016.-№1 183-185

**Арапова Мыскал Маматкасымовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунун трансформациялануусу (1990-2015-жж.)» аттуу темадагы 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** саясий, коомдук турмуш, трансформация, Конституция, мыйзам, президент, парламент, партия, конфликт, саясий кризис, революция.

**Изилдөөнүн обөектиси** Кыргызстандын коомдук, саясий турмушунун трансформациялануусу

**Изилдөөнүн предмети** постсоветтик мезгилдеги Кыргызстандын коомдук-саясий өнүгүүсү процесси, республикадагы саясий кырдаал, башкаруу системасынын өзгөрүшү эсептелинет.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи.** Эмгекте проблемалык-хронологиялык, салыштыруу аналитикалык, ретроспективдүү-тарыхый жана логикалык ырааттуулук принциптери, андан сырткары тарыхый обөективдүлүк принциптери пайдаланылды.

**Изилдөөнүн максаты** постсоветтик мезгилдеги Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы өзгөрүү, саясий кризистердин келип чыгышы жана алардын натыйжаларын иликтөө эсептелинет.

**Эмгектин илимий жаңылыгы** постсоветтик мезгилдеги Кыргызстандын саясий системасынын калыптануу жана өнүгүү жараянын комплекстүү изилденгендигинде турат. Анда 1991–2010-жж. республиканын коомдук-саясий өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары, кризистик кырдаалдардын себептери иликтөөгө алынган. Демократиялык башкаруу жолунан четтөөнүн негизги факторлору, элдик толкундоолордун максаттары жана натыйжалары ачып көргөзүлгөн. Парламенттик-президенттик башкаруу системасына өтүүдөгү артыкчылыктар жана мүчүлүштүктөр, мурунку бийликтин кетирген катачылыктары баса белгиленип, азыркы системанын өзгөчөлүктөрү даана көрсөтүлгөн.

**Диссертациянын илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Кыргызстандынкоомдук-саясий турмушунун өзгөрүүсүн иликтөөнүн жыйынтыктары, саясий кырдаалдын азыркы мезгилдеги абалы, андагы жыйынтыктар теориялык жана практикалык жактан белгилүү бир деңгээлде болуп саналат. Республиканын саясий системасынын калыптануу жана өнүгүү маселелери жөнүндө толук түрдө маалымат алынат.

Иштеги негизги жоболор жана жыйынтыктар окуу-педагогикалык процессте жана Ата Мекен тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди түзүүдө колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертации Араповой Мыскал Маматкасымовны на тему “Исторический анализ трансформации общественно-политической жизни независимого Кыргызстана”, представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук, по специальности 07.00.02. – Отечественная история**


**Ключевые слова:** независимость, суверенитет, политическая жизнь, трансформация, Конституция, президент, парламент, политические партии, митинг, система управления, кризис, революция.

**Обьект иссследования**общественно-политическая жизнь,трансформация общества, процесс развития за первые 20 лет суверенитета Кыргызстана,революция 24-марта 2005 г. и 7-апреля 2010 г. их предпосылки, причины, цели, задачи, и их результаты.

**Цельиссследования** фундаментальное и комплексное исследование общественно-политического изменения, трансформации общества, всесторонее изучения революций в независимом Кыргызстане.

**Методологическую основу исследования**составили принципы обьективности и историзма, анализа и синтеза, а также историко-сравнительный, системно-аналитический и статистические методы, которые обеспечили решение поставленных задач.

**Научная новизнаисследования**состоит в том,что впервые на научной основе рассмотрены, основываясь на обьективные и субьективные факты исследованию исторический процесс изменения общественно-политической жизни, трансформация общества, становление многопартийной системы, Мартовская и Апрельская революция, их особенности, феномен, изучены временные этнические конфликты на юге страны, дополнены и введены в научный оборот многие ранее неизвестные архивные материалы.

**Практическая значимость диссератции.** Научные выводы диссертанта внесут значительный вклад в исследование процессов формирования и развития нового общества, общественно-политической жизни страны, трансформации общественного строя в целом. Многие материалы диссертации могут быть использованы в качестве достойного исследования в изучении истории независимой Кыргызской Республики, процесса развития за первые годы суверенитета, народныхреволюций 24 марта 2005 г. и 7 апреля 2010 г. их предпосылки, причины, цели, задачи и их результаты. Они также могут быть использованы в специальных курсах по многопартийной системе, институту президентства, парламентаризма и могут оказать помощь в подготовке научных материалов.

**THE RESUME**

**Dissertations Arapova Myskal Mamatkasimovna**

**“The historical analysis of transformation of a political life of independent Kyrgyzstan”, the scientific degree of the candidate of historical sciences presented on competition, on a speciality**

**07.00.02. - domestic history**

**Keywords:** independence, the sovereignty, a political life, transformation, the Constitution, the president, parliament, political parties, meeting, a control system, crisis, revolution.

**Object of research** is transformation of political system of Post-Soviet Kyrgyzstan.

**Object of research** are sociopolitical developments of independent Kyrgyzstan, and also the important historical events which have occurred during the considered period and have led to changes in political system of the country.

**Research objective.** A work main objective consists in investigating essence and laws of transformation of political system of Post-Soviet Kyrgyzstan.

**Methodological basis of research** were principles of a historicism and the objective system-structural analysis, and also concrete historical methods which have allowed to make the analysis and conclusions on a considered problem. Besides, in work problemno-chronological and rather-analytical principles were applied.

**The Scientific-theoretical and practical importance of the dissertation.** Scientific-theoretical value of the given research is defined by its novelty, introduction in a scientific turn of new archival materials.

Research materials, a number of theoretical conclusions and practical recommendations can be used at a writing of generalising works on Fatherland history, and also in the educational-pedagogical process.